КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
БИРЛИК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ БИРЛИКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

720212 село Ормош айылы №1-көчө №5-үй тел:(03655)6-00-25 <birlikjylkenesi@mail.com>

**Бирлик айылдык кеңешинин VIII-чакырылышынын III-сессиясы**

Токтом №4
2025-жылдын 21-январы

Ормош айылы

**Чечме айылында сугат суу чыгаруу үчүн скважинага акча каражатын ажыратуу жөнүндө**

Бирлик айыл аймагынын Чечме айылында сугат суу чыгаруу үчүн скважина жөнүндө Бирлик айыл өкмөтүнүн инвестиция тартуу боюнча адис А. Ибрагим уулунун кайрылуу катын карап чыгып, 2025-жылдын 17-январындагы бюджет жана экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиянын №1 протоколунун негизинде Бирлик айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Бирлик айыл аймагынын Чечме айылында сугат суу чыгаруу үчүн скважинага 500 000 (беш жүз миң) сом ажыратып берүүгө макулдук берилсин.

2.Аталган акча каражатын бөлүп берүү жагы Бирлик айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ө.Шералиевге жүктөлсүн.

3.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет жана экономика маселелери боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Н.Абдикааровага жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Гафуров**